# Мамлекеттик социалдык заказ: Баткен шаарынын калкынын тазалыкка болгон кайдыгер мамилесин өзгөртүү

Баткен шаары; Айкынова Ибадат Жумаевна, Баткен шаарынын мэриясынын социалдык-маданий өнүктүрүү секторунун башкы адиси

## Баткен шаары




**Калктын саны – 25 024**
**Кожолуктун саны- 6597**
**Эркек 12604, аял-12420**
**Мектеп окуучулары- 5648**



## «Мамлекеттик социалдык заказ» деген эмне?

- **мамлекеттик социалдык заказ(МСЗ)** - республикалык жана/же жергиликтүү бюджеттен каржылоо менен камсыздалган, келишимдик мамилелерге негизделген, жүзөгө ашырууда юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди тартуу жолу менен калкка социалдык кызматтарды көрсөтүүгө же башка коомдук пайдалуу максаттарга жетүүгө багытталган республикалык, тармактык, региондук же муниципалдык социалдык программалардын бөлүгүн ишке ашыруу механизми

  («Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы)

## МСЗ боюнча кандай иштер аткарылды?

1. Калктын социалдык кызмат көрсөтүүлөргө муктаждыгын аныктоо боюнча изилдөөлөр өткөрүлдү

2. Социалдык көйгөйлөрдүн жана коомдук пайдалуу максаттары жөнүндө жарандардын жана уюмдардын сунуштары боюнча маалыматтык базасы түзүлдү

# МСЗ боюнча кандай иштер аткарылды?

- **Жарыялар даярдалды жана ММК берилди:**

1. Мамлекеттик социалдык заказды ишке ашыруу үчүн коомдук пайдалуу долбоорлорду аткарууга конкурстун жеңүүчүлөрүн аныктоо үчүн жарандык коомдон Баткен шаарынын мэриясынын гранттык комиссиянын курамына талапкерлерди тандоо тууралуу жарыя - 10 мая, 2018 –жылы
2. Баткен шаарынын калкынын тазалыкка болгон көз карашын өзгөртүү»-аттуу темага мамлекеттик социалдык заказды ишке ашырууда коомдук пайдалуу долбоорлорду каржылоого жарыяланган конкурс тууралуу кулактандыруу -10 май, 2018 -жылы

# МСЗ боюнча кандай иштер аткарылды?

- Маалыматтык жолугуш өткөрүлдү
- Гранттык комиссия түзүлдү
- Коомдук пайдалуу долбоорду тандоо боюнча сынак өткөрүлдү



## Коомдук пайдалуу долбоорду тандоо

- Баткен шаарынын мэриясынын гранттык комиссиясына “Ассамблея народа Кыргызстана” коомдук бирикмеси
- Самаркандек райондук аймактык ден соолук комитети коомдук бирикмеси

- МСЗ алкагында гранттык комиссиянын 2018-жылдын 20-июнундагы №1-протоколунун чечими менен **Самаркандек райондук аймактык ден соолук комитети коомдук бирикмеси “Шаарыбыздын тазалыгы өз колубузда”** деген аталыштагы долбоордук сунушу жеңүүчү деп табылды.

Муниципалдык социалдык заказдын алкагында долбоор“Шаарыбыздын тазалыгы өз колубузда”

Гранттын максималдуу суммасы:
50,0 (элүү миң) сом.
Долбоор ишке ашырылчу мөөнөт: 3 ай

Заказчы: Баткен шаарынын мэриясы
Аткаруучу: Самаркандек райондук аймактык ден соолук комитети коомдук бирикмеси


**Өткөрүлгөн иш-чаралар:**

- Баткен шаардык мекеме-ишканалардын жетекчилери, кызматкерлерине “Шаарыбыздын тазалыгы өз колубузда” коомдук пайдалуу долбоор боюнча жана таштандылардан келип чыккан кесепеттер тууралуу маалымат берилип
- Шаарыбыздын тазалыгына ар бир адамдын салым кошуусуна чакырыктар жасалды.

## Өткөрүлгөн иш-чаралар:

- Тазалыктын маанилүүлүгүн түшүндүрүү, коомдук жайларда таштандыларды азайтуу, шаар тургундарынын шаардын таза болуусуна салым кошуусунун зарылдыгы тууралуу 30 секундук ТВ ролик Баткен телерадиокомпаниясынан 2 ай берилди.
- Радио узелден «Тазалык- бардык жерде баарыбыз үчүн» деген ураан астында элдерди шаардын тазалыгын сактоого үндөгөн чакырык берилди(6 жума ишемби күндөрү, бир күндө 5 жолу).

- Шаардын 3 мектебинин (В.И Ленин, Ж. Бөкөнбаев, А.Имаров-Кызыл Топу) 5-6 класстарынын окуучулары арасында таштанды таштоо маданиятына үйрөтүү максатында катышуучуларды сыйлоо менен мелдеш өткөрүлдү:





Шаарыбыздын “Жеңиш” паркында окуучулардын катышуусунда тазалык акциясы өткөрүлдү





Баткен шаарынын Келечек кварталында «Менин таза кварталым» аттуу акция алкагында тазалоо иштери АДК кызматкерлери тарабынан жүргүзүлдү





## ➨Иш-чараларды өткөрүүдө пайдаланылган каражаттар:

- Баннер – 2 даана 6х3 өлчөмүндө;
- Роллап – 1 даана;
- Постер – 100 даана;
- Брошюра – 200 даана.








## Жогорудагы өткөрүлгөн иш-чаралардын жүрүшү төмөнкү массалык маалымат каражаттары аркылуу чагылдырылды:

- Баткен шаардык “Өрүкзар” гезити;
- Баткен райондук “Кызыл Туу” гезити;
- Баткен областтык “Баткен Таңы” газеталары,
- Аки-пресс,
- Инстаграм,
- Фейсбук социалдык тармактары.

## Алдыдагы өткөрулуучү иш-чаралар:

- 2018-жылдын 8-ноябрында саат 14:00дө Баткен шаарындагы "Салам" радиосунан долбоордун кызматкерлеринин, СЭСтин, "Тазалык" м.и. кызматкерлеринин катышуусунда эфир уюштурулууда.
- 2018-жылдын 12-ноябрында саат 8:30 да Баткен телерадиокомпаниясынан атайын берүү уюштурулат.
- 2018-жылдын ноябрь айынын аяк ченинде «Шаардын көркү- базардан башталат» аттуу жыйынтыктоочу акцияБаткен шаарынын борбордук базарларында өткөрүлөт.

Чоң рахмат!